Январь 2024-ж., № 1 (147) чыгарылышы

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

МУНИЦИПАЛИТЕТ – БУЛ АЙМАКТЫН, АЛ ЖЕРДЕ ЖАШАГАН КАЛКТЫН ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ҮЧИЛТИГИ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ




**“КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН” КОАЛИЦИЯСЫ ЖАНА “МУНИЦИПАЛИТЕТ” ЖУРНАЛЫ ЖАҢЫ 2024-ЖЫЛ МЕНЕН КУТТУКТАЙТ!**




Кыргызстандагы жана
дүйнө жүзүндөгү жергиликтүү
өз алдынча башкаруу тууралуу
айына болгону 300 сомго

БАРДЫГЫН БИЛИП
АЛЫҢЫЗ!

**2024-жылга карата "Муниципалитет" журналына жазылуу боюнча Гуляим ШАМШИДИНОВАГА төмөнкү телефондор аркылуу кайрылыңыздар:**
**0770 771-130, 0500 324-945, 0550 324-945**

*Муниципалитет –*
*бул аймактын,*
*ал жерде жашаган калктын*
*жана ЖӨБ органдарынын*
*үчилтиги*

**ЯНВАРЬ 2024-ж., № 1 (147) чыгарылышы**

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ

**Негиздөөчү жана басып чыгаруучу: Борбордук Азиянын жергиликтүү башкаруу академиясы (БАЖБА) аркылуу Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)**

Башкы редактор:
ӨСИ башкаруучу төрайымы
Надежда ДОБРЕЦОВА
Аткаруучу редактор:
Нургүл ЖАМАНКУЛОВА
Кыргыз тилиндеги
котормонун редактору:
Нургүл ЖАМАНКУЛОВА
Дизайн жана жасалгалоо:
Адил АБДРАИМОВ
Кыргыз тилине которгон:
Зейнеп АЛТЫМЫШОВА

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат. Журнал акы төлөп жазылуу аркылуу таркатылат.

**Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.**

Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:
почта – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Шевченко көч., 114, Өнүктүрүү саясат институту;
э-дарек – ndobretsova@dpi.kg
Телефондор: (0312) 97-65-30
(31, 32, 33, 34)
Факс: (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун жана БАЖБАнын кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.
**ISBN 1694-7053**

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

**КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА**

“Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн” Коалициясы жана “Муниципалитет” журналы жаңы 2024-жыл менен куттуктайт! ..... 2

**“КРДА ЖӨБДҮ ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН” КОАЛИЦИЯСЫНЫН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жана ЖӨБ органдарынын жетекчилеринин өз квалификациясын жогорулатууга болгон укугун кантип коргосо болот? “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуунун актуалдуу маселелери” тегерек столунун резолюциясы ..... 4

Ачык Бишкек: Бишкек шаарынын тургундары шаар куруу долбоорлорун талкуулоого жана жерлерди башкарууга катыша алабы? ..... 6

Жергиликтүү кеңештердин аял депутаттарынын клубу: жеңүүчүлөргө сыйлыктар тапшырылды ..... 8

Жемиштин бейиши. Токтогулда жаңы бренд кантип түзүлүүдө ..... 11

Ысык-Көл облусунун Түп районунун Талды-Суу айылындагы фитнес-клуб: элеттиктердин саламаттыгы биринчи орунда ..... 12

Баткен облусунун беш муниципалитетинин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртат ..... 13

**МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР**

Кызматчылардын карьералык пландоосу тууралуу ..... 19

Тиричилик калдыктарын кайра иштетүүнүн натыйжалуу инфраструктурасын түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө ..... 20

**ЮРИДИКАЛЫК КОНСУЛЬТАЦИЯ**

Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысын дайындоо жана бошотуу тууралуу ..... 21

Административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча кадрларды кыскартуу тууралуу ..... 21

Жер мунапысы тууралуу ..... 22

**ЖӨБДӨГҮ АЯЛДАР**

Жергиликтүү өнүгүүгө салым кошуп жаткан “Локомотив аял” ..... 23

**ШААРДЫК СҮЙЛӨШҮҮ**

МАИНД (MIND) – Италиянын мобилдүүлүк технологиясынын уникалдуу мисалы. Кыргызстанда колдонсо болобу? ..... 25

# “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН” КОАЛИЦИЯСЫ ЖАНА “МУНИЦИПАЛИТЕТ” ЖУРНАЛЫ ЖАҢЫ 2024-ЖЫЛ МЕНЕН КУТТУКТАЙТ!


**АРДАКТУУ МЕКЕНДЕШТЕР!**
**УРМАТТУУ МУНИЦИПАЛДЫК ЖЕТЕКЧИЛЕР ЖАНА КЫЗМАТЧЫЛАР, ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫ, МЕКЕНИБИЗДИН ӨНҮГҮҮСҮН ЖАН ДИЛИ МЕНЕН КОЛДОГОН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ПАТРИОТ АКТИВИСТТЕР!**

Биз Коалиция түзүп, Кыргыз Республикасынын аймактарын өнүктүрүүдө мамлекетти, жергиликтүү өз алдынча башкарууну жана коомду колдоо максатында биргелешип иш алып баруудабыз. Кыргызстандын шаарлары жана айылдары ыңгайлуу, технологиялык, жаратылышты сактоочу жана коопсуз мейкиндиктерге айланат деп ишенебиз. Мындай мейкиндикте ар бир адам өзүнүн материалдык жана руханий керектөөлөрүн толук өлчөмдө канааттандырып, анда өнүгүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр болот. Биз алыскы келечекти сүрөттөп жаткандай көрүнүшү ыктымал. Бирок, чындыгында, өзгөрүүлөр биз ойлогондон да тезирээк болуп жатат. Мындан 20 жыл мурда эле мобилдик уюлдук байланыш жарандардын басымдуу бөлүгү үчүн жеткиликтүү эмес болчу, ал эми бүгүн биз телефон аркылуу коммуналдык кызматтарга акы төлөйбүз, айыл өкмөттөрүндө кызматкерлер санариптик башкаруу системасын колдонуп жатышат.

Жаштарга чоң үмүт артып, ушундай эле жоопкерчиликти да жүктөп жатабыз – бул жаңы муун бешиктен бели чыга элек жатып гаджеттерди колдонуп калбадыбы. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана мамлекеттин милдети – жаштарды өз үйлөрүн, көчөлөрүн, айылдарын жана шаарларын “акылдуу” санариптик чечимдерге, адам жана жаратылыш үчүн коопсуз материалдарга жана технологияларга негизделгендей кылып өзгөртүүгө тартуу. Биз бул чечимди туш-тараптан колдоп бермекчибиз.

Ар бирибиз көбүрөөк нерселерди үйрөнүп, дүйнөлүк ийгиликтүү тажрыйбаларды өздөштүрүшүбүз керек. Ошол эле кезде мындай тажрыйбалар Кыргызстан элинин өзгөчөлүктөрүн жана улуттук иденттүүлүгүн эске алуу менен, мыкты салттарды бузбастан алынышы керек. Муну менен катар аларды жаңы муундарга түшүнүктүү жана жакын формаларга айландырып, Борбордук Азиянын ар бир жашоочусу үчүн биринчи кезектеги мааниге ээ болгон баалуулуктарды коргоо зарыл. Бул баалуулуктардын эң үстүндө үй-бүлө, кичүүлөр менен улуулардын ортосундагы мамиле, өз ара урматтоо жана колдоо көрсөтүү, анын ичинде аялга болгон сый-урмат турат.

Муниципалдык жетекчилер жана кызматчылар, жергиликтүү кеңештердин депутаттары,



мекенибиздин өнүгүүсүн жан дили менен колдогон жергиликтүү патриот активисттер! Баарыңыздар "Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн" Коалициясынын көп сандаган жамааты аткарып жаткан бардык иштердин башкы өнөктөштөрү болуп саналасыңар, мунун баарын сизге арнап келатабыз. 2024-жылы Коалицияны түзгөн үч уюмда – Өнүктүрүү саясат институтунда (ӨСИ), КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунда (ЖӨБ Союзу) жана Борбордук Азиянын Жергиликтүү башкаруу академиясында (БАЖБА) жергиликтүү өнүгүүнүн ар кандай багыттары боюнча 80ге жакын жогорку квалификациялуу адис иштеп жатат. Бул адистер күн сайын экспертизасын тереңдетип, билимин жогорулатып, мунун баарын муниципалитеттер менен бөлүшүп жатышат.


2024-жылдын ичинде жана андан ары Коалициянын өнөктөштөрү мамлекетти, жергиликтүү өз алдынча башкарууну жана жергиликтүү жамааттарды мыйзамдарды өркүндөтүүдө, анын ичинде башталып жаткан административдик-аймактык реформа процессинде колдоп, ирилештирилген муниципалитеттер үчүн башкаруу шаймандарын даярдап жатышат. Коалиция шаарларды өнүктүрүү үчүн чоң күч-аракеттерди жумшайт. Бул үчүн Коалиция жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү, муниципалдык менчикти башкаруу, муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу жана башка маселелер боюнча чараларды камтыган колдоо программасын сунуштай алат. ЖӨБ Союзунун өркүндөтүлгөн Call-борбору, БАЖБАнын улуттук консультанттар тармагы аркылуу ЖӨБ органдары үчүн консультацияларды берүү мүмкүнчүлүктөрү көбөйтүлөт. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарына, айрыкча алардын аялдар бөлүгүнө максаттуу колдоо көрсөтүү улантыла бермекчи, муниципалитеттер ортосунда ар кандай формада тажрыйба алмашуу кеңири алкакта болот. Жалпысынан алганда, Коалициянын чоң пландары бар. Бул пландарга ар кандай тараптардын татаал жана жамааттык күч-аракетти талап кылган маселелер, мисалы, катуу тиричилик таштандыларын жок кылууну координациялоо маселелери кирет.

Өлкөнүн алдында олуттуу тышкы чакырыктар турганда, ал эми ички башкаруу өзгөрүүлөргө муктаж болуп жаткан чакта, анын ичинде мунун баары технологиялардын таасири астында болгондуктан, калктын жашоо деңгээлин олуттуу жакшыртуу зарылдыгын эске алуу менен Коалиция мамлекетке жардам берүү максатын көздөйт. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жана башка ведомстволор менен чогуу Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын ишке ашырууну колдоп берүү Коалициянын көмөгүнүн алдыңкы формаларынын бири болуп калмакчы.

Коалициянын өнөктөштөрү Кыргыз Республикасынын бардык тургундарын Жаңы жыл менен куттукташат! Биз муниципалдык жетекчилерге, кызматчыларга, жергиликтүү кеңештердин депутаттарына жана жергиликтүү патриот активисттерге муниципалдык башкарууну өнүктүрүүдө күч-кубат, ийгиликтерди, ишине чыгармачыл мамилени каалайбыз!

Сизге ден соолук жана кесипкөй жетишкендиктерди каалайбыз! "Муниципалитет" журналынын беттеринде жолугушканга чейин аман болуңуздар!

*"Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн" Коалициясы, "Муниципалитет" журналынын редакциясы*



БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ МЕСТНОГО УПРАВЛЕНИЯ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ
LOCAL GOVERNANCE ACADEMY OF CENTRAL ASIA

# БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ (БАЖБА)

## мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча 2024-жылга төмөнкү ПРОГРАММАЛАРДЫ ЖАНА КУРСТАРДЫ сунуштайт

**КР БжИМдин №LS220001186 лицензиясы**
**КР БжИМдин №LS220001195 лицензиясы**

## 2024-ЖЫЛГА КАРАТА ТЕМАЛАР:

1. **«Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери» квалификацияны жогорулатуу программасы (узактыгы 5 күн):**
   - Жайыттарды башкаруу;
   - Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондунун жерлерин башкаруу.
2. **«Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери» квалификацияны жогорулатуу программасы (узактыгы 5 күн):**
   - Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы эмгек акы;
   - ЖӨБ органдарында бухгалтердик эсепти жүргүзүү: негизги каражаттардын жана товардык-материалдык запастардын эсеби.
3. **Квалификацияны жогорулатуу курстары:**
   - Муниципалдык кызмат (узактыгы 2 күн);
   - Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу (узактыгы 3 күн);
   - ЖӨБ органдарында иш кагаздарын жүргүзүү (узактыгы 2 күн);
   - Жергиликтүү кеңештин ишинин уюштуруу жана укуктук маселелери (узактыгы 2 күн);
   - Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы эмгек акы (узактыгы 2 күн);
   - ЖӨБ органдарында бухгалтердик эсепти жүргүзүү: негизги каражаттардын жана товардык-материалдык запастардын эсеби (узактыгы 3 күн);
   - Бюджеттен тышкаркы каражаттарды (инвестицияларды) тартуу (узактыгы 3 күн);
   - СЭӨП иштеп чыгуу (узактыгы 3 күн);
   - Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүнү уюштуруу (узактыгы 3 күн);
   - Жайыттарды башкаруу (узактыгы 2 күн);
   - Айыл чарба жерлеринин Мамлекеттик фондунун жерлерин башкаруу (узактыгы 3 күн).

**Окутуунун жыйынтыгы боюнча лицензиялык сертификат берилет**

**Толук маалымат алуу үчүн окуу процессинин менеджери Жылдыз Керимовага кайрылыңыз: +996 770 432 660, э-почта: academy@lga.kg**

# КИЙИНКИ САНДА ОКУҢУЗ

"Муниципалитет" журналынын жазылуучулары арасындагы электрондук байге утушунун **ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН КУТТУКТАЙБЫЗ**!











**ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУККА КАРШЫ 16 КҮНДҮК ГЛОБАЛДЫК КАМПАНИЯ:** ЖӨБ органдары жана жарандык коом уюмдары аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулукка каршы аракеттерин бириктиришти

**ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЖӨБ ОРГАНДАРЫ КАНТИП ЧЕЧИШЕТ?**
"Кыргыз Республикасындагы ЖӨБ мыкты тажрыйбасы - 2023" сынагынын жыйынтыктары










**ПАЙДАЛАНУУГА ЖАРАКСЫЗ МҮЛКТӨРДҮ ЭСЕПТЕН КАНТИП ЧЫГАРСА БОЛОТ?**
“Муниципалдык менчикти эсептен чыгаруунун тартиби жөнүндө” Жобонун жаңы редакциясы тартууланды